«Бекитилди»

2021 -жылдын

№ 106 буйругу менен

# Өзүн- өзү баалоо боюнча отчет

## Нарын облусунун, Кочкор районундагы

## Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби

(Билим берүү уюмунун толук аталышы)

Программалык аккредитациялоо

# Киришүү

## 1. Билим берүүчү уюм жөнүндө маалымат

| | | |
|---|---|---|
| **1.1** | Билим берүүчү уюмдун аты | Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби |
| **1.2** | Дареги | Көк-Жар айылы А.Бейшеев көчөсү №60 |
| **1.3** | Билим берүүчү уюмдун директорунун аты-жөнү , байланыш маалыматтары | Абиев Жумабек Курманбекович<br>0500218021<br>Электрондук дареги kokjarmektep18@gmail.com<br>Веб-сайт htpps: //usubaliev.mektebim.kg/admin |
| **1.4** | Ата-энелер комитетинин жана камкордук кеңешинин аты- жөнү , байланыш маалыматтары | Сабырова Мээрим –ата-энелер комитети<br>Мамбеткеримова Жамила -камкордук кеңеши |

1.5 Менчик формасы: мамлекеттик

1.6.Билим берүүчү уюмдун статусу жалпы орто билим берүү

1.7.02712199510880

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16- июнунундагы "Негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим, аккредитацияланууучу билим берүү уюмдарын аккредитациялоо тартибин жана негизги жана орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, билим берүү уюмдарына коюлуучу минималдуу талаптарды бекитүү" жөнүндөгү 28.12.2017-жылдагы №844 токтомунун негизинде, мектеп директорунун буйругунун негизинде түзүлгөн өзүн-өзү баалоо комиссиясы декабрь, январь айларында иш жүргүзүп, жыйынтыгын чыгарды. Бул комиссиянын берген отчету 2021-жылы 18-январда №3 педагогикалык кеңеште каралып, жактырылды жана бекитилди.

## Мектептин миссиясы:

Турдакун Усубалиев атындагы орто мектеби жалпы орто билим берүүчү мекеме болуу менен бирге, башталгыч, негизги жана жалпы билим берүүгө багытталат. Ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоого багытталган.

**Минималдуу талаптардын аткарылышын талдоо жана тастыктоочу база**

| 1.Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу методикалык камсыздалышы | | | |
|---|---|---|---|
| Өзүн-өзү баалоо критерийлери | | Өзүн-өзү баалоо критерийлери | Тастыктоочу база |
| 1.1 | **Окуу планынын жана программалардын билим берүү стандартынын,базистик окуу планынын талаптарына керектөөлөрүнө ылайык келүүсү.** | - Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2016-жылынын 12сентябрындагы №541токтому менен бекитилген жалпы билим берүү уюму жөнүндөгү типтүү жобонун негизинде мектептин “Уставы” иштелип чыккан. Нарын облусунун юстиция башкармалыгы тарабынан алгачкы мамлекеттик каттоо 27.12.1995жылы өткөрүлгөн. Юридикалык жактан мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүк 21.01.2015жылы берилген.<br>-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.04.2014жылы №403 Токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын” негизинде билим берүү үч баскычты камтуу менен жүргүзүлөт:<br>-Жалпы башталгыч билим берүү - 1-4-класстар; Жалпы негизги билим берүү - 5-9-класстар; Жалпы орто билим берүү - 10-11-класстар; | **Стандарттык окуу программалары;**<br><br>**Окуу планы;**<br><br>**Базистик окуу планы;**<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/2-zhyldykbazistik-plan.pdf<br><br>**Мектептин Уставы;**<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/mekteptinustavy.pdf |
| 1.2 | **Окуу методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсү.** | 2017-2021-жылдарга карата Турдакун Усубалиев атындагы орто мектебинин “Стратегиялык өнүгүү планы” 2017-жылдын № 1 педагогикалык кеңешинин токтому менен бекитилген.<br>Мектептин максаты:<br>1. Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу менен билим сапатын жакшыртуу;<br>2. Мугалимдердин иш тажрыйбаларын жайылтуу, кесипкөйлүгүн арттыруу;<br>3. Окуучуларды адеп маданиятына, кыргыз элинин каада-салттарын пайдаланып, тарбиялоого жетишүү;<br>4. Ата-энелер менен коомчулукту мектепке тартуу, балдарга болгон жоопкерчиликти арттыруу;<br>5. Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо; Мугалимдер жамаатынын жана мектеп администрациясынын алдына коюлган максаттарга жетүүгө, милдеттерди аткарууга, | **МСӨП ОТЖП** |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>сапаттуу мониторинг жүргүзүүгө жана ишти баалап, ишке ашырууга төмөндөгүдөй ишчаралар пайдаланылган:
<ul>
<li>Окуу планынын аткарылышы;</li>
<li>Окуучулардын жетишкендиктери;</li>
<li>Усулдук иштер, кадрларды туура тандоо;</li>
</ul>
Мектептин чөйрөсү (шарттар) жана мектептин ички<br>эрежелери;<br>
Окуу процессин башкаруу жана ички көзөмөл; Баам: Көп түрдүү, өзгөрүлүп турган дүйнөгө ылайыкташкан, мамлекеттик стандарттын негизинде окуу программаларды өздөштүргөн, компетенттүү бүтүрүүчүлөрдү даярдаган, квалификациясын системалуу жогорулатып турган педагогдор менен толук комплектелип, окуучуларга алган билимдерин турмушта колдонууга багыттаган, билим- тарбия берген мектепке айлануу;<br>
Стратегиялык иш план менен иш алып баруунун максаты:
<ul>
<li>Мектепке чейинки билим берүү;</li>
<li>Билим берүү, усулдук иштерди өнүктүрүү;</li>
<li>Таланттуу окуучулар менен иш жүргүзүүнү өркүндөтүү;</li>
<li>Окуучуларды окуу китептери менен камсыз кылуу;</li>
</ul>
Тарбиялык иштердин жакшыртылышы;</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>1.3</td>
<td>Жетиштүү маалыматтык ресурстардын (окуучулардын контингентине, анын ичинде окутуу тилдерине карата окууметодикалык адабияттардын фонду) болушу.</td>
<td>Мектепте окуучулар үчүн окуу китептери жетиштүү.<br>Жалпы мектептин китеп фонду 7809 китепти түзөт.
<table>
<tr><th>Жылдар</th><th>2018-2019</th><th>2019-2020</th><th>2020-2021</th></tr>
<tr><td>Окуу китептери</td><td>Жалпы 5134<br>1-4-класс -1285<br>5-9-класс - 3094<br>10-11-класс- 755</td><td>Жалпы 5291-<br>4-класс -1388<br>5-9-класс - 3132<br>10-11-класс- 774</td><td>Жалпы 5986<br>1-4-класс 1782<br>5-9-класс 3392<br>10-11-класс- 812</td></tr>
<tr><td>Адабий Китептер</td><td>1769</td><td>1789</td><td>1823</td></tr>
</table></td>
<td>Окуу методикалык адабияттардын фонду; Китепкананын инвентаризациясы;<br>Д-10 отчеттор;<br>https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/kitepkana.pdf</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr><td>1.4</td><td>Билим берүү программасынын жана окуу методикалык камсыздоонун мазмунун жакшыртуу максатында кызыкдар тараптардын күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусун мезгилдүү баалоонун жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоону колдонуудагы механизминин болушу.</td><td>Мектепте Кыргыз Республикасынын Билим берүү, мугалимдердин статусу жөнүндө мыйзамдары, Билим берүү программаларын ишке ашырууда жалпы мектептик билимдин мамлекеттик Билим берүү стандарты, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары, Билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу иш укуктук – нормативдик актылар, мектептин Уставы жетекчиликке алынып, окуучуларга сапаттуу билим берүү артыкчылыктуу мааниге ээ. Билим берүүнүн сапатын көтөрүү үчүн бардык шарттар көрүлгөн. Кочкор райондук билим берүү бөлүмү, Көк-Жар айыл өкмөтү жана ата- энелер коомчулугу менен бирдикте мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдап, окуу китептери, усулдук колдонмолору менен камсыз кылуу үчүн алгылыктуу иштер аткарылган. Аталган иш аракеттердин бардыгы педагогикалык кенештин отурумдарында, ата-энелер чогулуштарында, сурамжылоо, анкета, тест жүргүзүү аркылуу ишке ашырылат.</td><td>Билим берүү мыйзамдары</td></tr>
<tr><td colspan="4">Күчтүү жактары: 1.Базистик окуу план боюнча бардык предметтик педагогдордун квалификациялык талабы боюнча шайкеш келиши ;<br>2.Стандарттык билим берүүнүн методикалык колдонмолору менен иш алып баруусу;<br>3. Окуу программаларынын аткарылышы;<br>4. Педагогдордун кесиптик деңгээлин жогорулатуусу жана чыгармачылык менен изденүүсү;<br>5. Мектептин инновациялык “Жүз мектеп” долбооруна кириши;<br>6. Балдардын толук билим алуусу үчүн толук шарттардын түзүлүшү;<br>7. Мектептин интернетке кошулуусу, мугалимдердин жана окуучулардын керектүү маалымат алуусуна ээ болуусу;<br>Алсыз жактары: 1.Стандарттык билим берүүдө колдонулуучу каражаттардын жетишсиздиги;<br>2. Ата-энелердин мектеп менен байланышынын начардыгы;<br>3. Лабораториялык кабинеттердеги керектүү каражаттардын жоктугу;</td></tr>
<tr><td colspan="4"></td></tr>
<tr><td colspan="4">2. Компетенттүү окутууну ишке ашыруу жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо</td></tr>
<tr><td>2.1</td><td>Окутуунун пландаштырылган максаттарынын болушу.</td><td>Окутуунун максаттары билим берүү уюмунун, методикалык кеңештин жана методикалык бирикмелердин, класстан тышкары иш алып баруу пландарында жана окуу программаларында белгиленген. Окутуунун максаты - окуучунун компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталган жана бул максат окуучунун позициясынан сабактардын</td><td>Календарлык пландар, класстан тышкаркы иштердин пландары, усулдук бирикме жетекчилеринин пландары, түшүндүрмө кат.</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | пландарында белгиленгендей талапка ылайык келет.<br>Перспективалыктематикалык пландын негизинде мугалимдер өзүнүн сабагын пландаштырууда окуучулардын компетентүүлүгүн калыптандыруу үчүн максаттарды конкреттүү жана туура белгилешет. Сабактардын максатын коюуда мугалимдин жана окуучунун иш-аракети айкалышып, күтүлүүчү натыйжа компетенттүү окутуунун жыйынтыгына багытталат.<br>Мектеп Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги иштеп чыккан билим берүү программаларынын алкагында иш алып барат. | https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/kalendardyk-plan.-orus-tili.pdfСабактын планы: https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/sabaktyn_plany1.pdfУсулдук бирикмелердин планы: https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021 /05/usulduk_birikmeler1.pdf Базистик окуу планга түшүндүрмө кат: https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/2zhyldyk-bazistik-plan.pdf Жаш мугалимдер мектебинин иш планы: https://usubaliev.mektebim.kg/wp-content/uploads/sites/390/2021/05/zhash_mugalimderdin_ish_plany1.pdf |
| **2.2** | **Окутуу-тарбиялоо процессинде инновациялык технологияларды жана методдорду колдонуу.** | Мезгилөткөнсайынметодикалык-теориялыкилимдердинмазмунуөзгөрүп, илимий таанып билүүнүн методдору өркүндөдү. Инсанга багыттап окутуу концепциясынын негизинде билим берүү системалар принциби күч алып, педагогикалык закон ченемдери модернизациялоого жана автордук окуу пландарын, программаларын түзүүгө мүмкүнчүлүк берди. Натыйжада педагогикалык технологиялардын жаңы идеяларын, табылгаларын жана жетишкендиктерин, инновациялык окутууну жана башка окуу- тарбия процесстеринде тажрыйбалоо мүмкүнчүлүктөрү ишке ашырылды. Мындай өзгөрүүлөр билим берүүнүн бардык баскычтарында окутуунун өндүрүштүк эффективдүүлүгүн көрсөтүү менен окумуштуулардын изилдөө объектисин түзүүдө. Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, | **Билим берүү стандарты** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды жана ыкмаларды колдонуу боюнча мониторинги, далилдери бар. Мугалимдердин 70% дан кем эмеси окутууда жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. Сабакка даярдануу жана өткөрүүдө, окуучулардын жетишкендиктерин текшерүүдө жана баалоодо инновациялык технологияларды колдонуу үчүн шарттар түзүлгөн. Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар. Мугалимдердин 70% дан кем эмеси окутууда жана инновациялык ыкмаларды колдонуу көндүмдөрүнө ээ жана аларды практикада колдонот. Сабакка даярдануу жана өткөрүүдө, окуучулардын жетишкендиктерин текшерүүдө жана баалоодо инновациялык технологияларды колдонуу үчүн шарттар түзүлгөн. Мугалимдер менен усулдук иш алып баруунун, мугалимдер тарабынан инновациялык технологияларды колдонуу боюнча мониторингдин далилдери бар. | |
| **2.3** | **Окутууну баалоодо жана корректировкалоодо кайтарым байланыш механизминин болушу.** | Билим берүүнүн стандарттык талабына ылайык окуутууну баалоодо жана корректирлөөдө баалоонун түрлөрү колдонулат ( критерий, көрсөткүч, ички баа берүү, сырткы баа берүү, мониторинг, байкоо жүргүзүү, маектешүү, өзүнө баа берүү, маалыматтарды чогултуу). Мектептин директору, окуу-тарбия иштери боюнча орун басары тарабынан жылына өзүн-өзү баалоо максатында мониторингдер жүргүзүлүп турат. Окуучулардын өзүн-өзү баалоосу жана бири-бирин баалоосун колдонуу ар бир сабакта пайдалануу сунуш кылынат жана практикада колдонулуусуна көзөмөл жүргүзүлөт.<br>Мугалимдер арасында жолдоштук сабактарга катышуу туура жолго коюлган. Жыйынтыгында мугалимдердин 80% ы кайтарым байланыш боюнча иш алып барышат. Мектепте кайтарым байланыштын төмөнкү формалары каралган. Фронталдык сурамжылоо; байкоо; суроо берүү; тестирлөө; зачет;<br>Окуучулардын жазуу иштеринин жыйынтыгы окуу бөлүм башчысы тарабынан көзөмөлдөнүп, конкреттүү сунуштар берилет.<br>Мектепте андан кийинки талдоо менен сабактарга өз ара катышуу жүзөгө ашырылат, педагогдордун өзүнөзү баалоо формалары колдонулат. Кайтарым байланыш алуу | **Педагогикалык кеңештин токтомдору. Усулдук кеңештин отурумдарынын токтомдору. Сабакка анализдер** |

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>үчүн ата-энелер чогулушу, атаэнелерден сурамжылоо<br>иштери жана анонимдүү анкета алуу жүргүзүлөт.</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>2.4</td>
<td>Билим берүү стандартынын талаптарына ылайык окуудагы жетишкендиктерди баалоонун объективдүү жана ачык– айкын системасынын болушу.</td>
<td>Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун объективдүү жана ачык-айкын системасынын болушу менен мектеп ичиндеги жыйынтык берген баалоонун түрлөрү (мисалы: мониторинг, өзүн-өзү баалоо, маектешүү, анкета алуу, ички-тышкы баа берүү) колдонулат. Салттуу жазуу жана оозеки иштер, практикалык жана изилдөөчүлүк иштерди баалоо, өз ара баалоо жана өзүн-өзү баалоо сыяктуу баалоонун ыкмалары колдонулат. Предметтер жана класстар боюнча жетишкендиктерди туруктуу мониторингдөө жана баалоо жүргүзүлөт, жыйынтыктарды жана натыйжаларды жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралардын талдоосу берилет.<br>Баалоочу адамдардын окуучунун билимин текшерүүнүн методдоруна ээ болушу жана бул тармакта квалификациясын дайыма жогорулатуусу; Окуучулардын билимин баалоо методдоруна ээ болуу үчүн мугалимдердин үзгүлтүксүз квалификациясын жогорулатылып турат. Беш жыл аралыгында педагогикалык жамааттын 60% ынын квалификациясынын жогорулатылат. Ал эми кыска мөөнөттөгү семинар, тренингдерге катышкан мугалимдердин үлүшү 20%ды түзөт.<br><br>Окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүүдө, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында алган билимдерин баалоодо окуучунун матераилды өздөштүрүү деңгээлине көңүл бурулат.<br><br>Окуучулардын билимдерин баалоодо баалардын ачыктыгы жана ар бир окуучуга кетирген каталарынын көлөмү маалымдалат.<br><br>Ар жылы ата-энелер, окуучулар арасында мектеп мугалимдеринин ишмердүүлүгү боюнча социалдык сурамжылоолорду өткөрүп келишет;<br><br>
<table>
<tr><td rowspan="2">Багыты</td><td colspan="3">Мааниси</td></tr>
<tr><td>Ооба</td><td>Жок</td><td>Билбейм</td></tr>
</table>
</td>
<td>Жазуу иштери жана мониторингдер анализдер</td>
</tr>
</table>

<table>
<tr>
<td></td>
<td></td>
<td>
<table>
<tr><td>Окутуунун сапаты</td><td>90%</td><td>0</td><td>10%</td></tr>
<tr><td>Мугалимдердин кесипкөйлүгү</td><td>93%</td><td>1%</td><td>6%</td></tr>
<tr><td>Жагымдуу социалдык-психологиялык климат</td><td>90%</td><td>2%</td><td>8%</td></tr>
<tr><td>Окуучулардын жашоосунун сергек мүнөзү</td><td>90%</td><td>0%</td><td>10%</td></tr>
</table>
Турдакун Усубалиев атындагы орто мектебинде предметтик мугалимдер окуучулардын ишин баалоодо мамлекеттик стандарттын жаңы усулдарын колдонушат;
</td>
<td></td>
</tr>
<tr>
<td>2.5</td>
<td>Окуучуларга баалоонун колдонуучу эрежелери, жолжоболору жана жыйынтыктары, ошондой эле аларды кайра кароонун жол-жоболору жөнүндө маалымдоо системасынын болушу.</td>
<td>Окуучулардын сабакка жетишүүсүн баалоонун жол-жоболорун жана инструменттеринин ( мисалы, жазуу иштери, окуу көндүмдөрү, долбоорлор ж.б.) пайдалануучулугун аныктоо. Ушунун негизинде окуучулардын чейректик баалары 2.4 пунктунун негизинде чыгарылат. Окуучуларга жана ата-энелерге баалоонун эрежелери жана жолжоболору ошондой эле кайра кароо процедурасы тууралуу маалыматтар тааныштырылат. Бул маалыматтар мектептин маалыматтык такталарында илинген. Окуучу эрежелерге ылайык болбой, билим сапатын туура эмес бааланды деп, эсептеген учурда аппеляцияга берүүгө акысы бар. Бул учурда мектеп ичинде аппеляциялык комиссия түзүлөт, нааразы болгон окуучунун билими комиссия алдында кайра бааланат. Баалоонун жыйынтыгы боюнча аппеляциялоо процедурасы КР нын ББжИМ тарабынан бекитилген баалоонун жыйынтыгы боюнча аппеляциялоону берүү жана кароо боюнча жалпы эрежеге ылайык жүргүзүлөт.</td>
<td>Функционалдык милдеттер Баалоонун критерийлери</td>
</tr>
<tr>
<td>2.6</td>
<td>Коопсуз, өнүктүрүүчү жана психологиялык жактан ыңгайлуу билим берүү чөйрөсүн камсыздоо, билим берүү прцессинде ден</td>
<td>Мектепте билим берүүнү жана тарбия ишин жакшыртуу максатында мезгил-мезгили менен анкетирлөө жүргүзүлүп турат. Билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугу класстык атаэнелер жана мектептин жалпы ата-энелер чогулушунда бааланып, талкууланат.</td>
<td>Мониторинг Соц педагогдун иш кагаздары<br>Укуктук ченемдик акт:</td>
</tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **соолукту сактоочу ыкмаларды колдонуу.** | Пландын негизинде жетишкендиктер, кетирилген кемчиликтер талкууланып, анализдер берилет. Окуучулардын социалдык абалы анализденип, соц.педагог тарабынан алгылыктуу иштер аткарылып келе жатат. Ар жыл сайын турмуш шарты оор, ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар үчүн мектеп жамааты, соц.педагог, айылдык ден-соолук комитети жана демөөрчүлөр тарабынан материалдык жардамдар көрсөтүлүп келет.<br>Мектептин билим берүү процессинде окуучулардын коопсуздугун, психологиялык ыңгайлуулукту камсыз кылуу максатында атайын иш-чаралар өткөрүлүп турат. Ар кандай тартип бузуулардын алдын алуу боюнча өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясы тарабынан рейддер жүргүзүлүп, түшүндүрүү иштери системалуу түрдө ишке ашырылат. Бул иштерге окуучуларды аралаштыруу максатында “Милициянын жаш жардамчылары”, БӨУ (балдар өспүрүмдөр уюму), “ Жол кыймылынын жаш инспекторлору” сыяктуу топтор уюштурулган. Класс жетекчилер ар кандай темада тарбиялык сааттарды өтүшүп, окуучулардын психологиялык туруктуулугуна кам көрүшөт. Мектепте өнүктүрүү жана психологиялык жактан ыңгайлуулуктарды түзүү жана ден-соолукту чыңдоо максатында предметтик, маданий-массалык жана спорттук ийримдер бар. Мисалы: волейбол, футбол, шахмат, бий, комуз, Манас таануу, информатика, кол өнөрчүлүк ийримдери иш алып барат. Билим берүү мекемесинин окуучулардын өнүктүрүүчүлүк көндүмдөрүн өстүрүү максатында мектеп ичинде предметтер аралык олимпиадалар өткөрүлүп турат. Мектеп гигиеналык шарттарда, толук жарыктандырылган жана коопсуз имараттар менен камсыз болгон. Мектепке орнотулган видео көзөмөлдөрдүн жардамы менен мектеп ичиндеги жана сырттагы коопсуздукка көзөмөл жүргүзүлүп турат. Балдардын ден соолугуна зыян келтирүүчү заттар жана оорулар тууралуу аңгемелешүүлөр жана түшүндүрмөлөр берилип, дубал газеталар көрүнө жерде илинген. | https://usubaliev.mektebim.kg/wpcontent/uploads/sites/390/2021/05/ukuktukchenemdik_aktylar1.pdf |
| **2.7** | **Ички жана тышкы баалоонун системалуу мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча окуучулардын натыйжаларынын динамикасы.** | Мектепте окуучулук контингентине ички жана тышкы баалоо системалуу жүргүзүлүп, мониторинг чыгарылып турат жана жыйынтыктын динамикасына байкоо салынып, анын натыйжалары талкууланат. Акыркы 5 жылдык динамиканы аныктоо максатында ар бир жарым жылдыктын жыйынтыгы менен салыштырмалуу текшерүү иштери жүргүзүлүп турат. ЖРТ боюнча окуучулар жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөтүп келет. - Олимпиадалардын жыйынтыгы: физика предмети боюнча райондук жана облустук олимпиадаларда | **ЖРТ боюнча маалыматтар; НЦТ жыйынтыктары; мектептин ичинде жүргүзүлгөн; мониторингдер; ОТЖП;** |

<table>
<tr><td></td><td></td><td>1-2-3-орундарды камсыз кылышат.<br>-Секом, Нова, НЦТ сынак тесттерин тапшырып, жыйынтыктары ЖРТда үзүрүн берет.</td><td></td></tr>
<tr><td>2.8</td><td>Кызыкдар тараптардын кайрылууларына жана арыздарына таасир этүүнүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорунун болушу.</td><td>Мектепте көрүнүктүү жерде «Ишеним кутучасы» уюштурулган жана аны мектептин соц.педагогу тарабынан көзөмөлдөнүп турат. Бул кутучага окуучулардан келип түшкөн каттар, сунуштар, каалоолор ай сайын ачылып, анализ жүргүзүлөт да акт түзүлөт. Ар бир окуучудан түшкөн каттар анонимдүү түрдө болот.<br>Мектептин администрациясынын эшиги бардык окуучулар үчүн ачык. Ар бир окуучу кайсы учур болбосун мектептин бардык маселелери боюнча кайрылууга мүмкүнчүлүгү бар. Окуучулар, атаэнелер же башка кызыкдар тараптар тарабынан даттануу же доомат коюлушу мүмкүн болсо, ал мектептин кезексиз педагогикалык кеңешмесинде каралат. Кызыкдар тараптардан түшкөн кайрылуулар мектептин администрациясы тарабынан каралып, жыйынтыктар чыгарылат. Бир да кайрылуу көзөмөлсүз калтырылбайт. Мектеп атаэнелер комитети менен тыгыз байланышта. Окуучу, ата-эне жана администрация болуп, үч тараптуу келишим түзүлгөн.</td><td>«Ишеним кутучасы».<br>Арыздар.</td></tr>
<tr><td colspan="4">Күчтүү жактары: Окуу-тарбиялоо процессинедеги ар кыл долбоорлор, программалардын алкагында иш алып баруу билим сапатына түздөн-түз таасирин тийгизип жаткандыгы;<br>Окутуу-тарбиялоо процессине коомчулуктун тартылышы, ата-энелер менен болгон байланыш; Алсыз жагы:<br>Финансы каражаттарынын жетишсиздиги;<br>Ата-энелердин баласынын жетишкендиктерине айрым учурлардагы кайдыгерлиги;</td></tr>
<tr><td colspan="4">3.Кадрдык саясаттын эффективдүүлүгү</td></tr>
<tr><td>3.1</td><td>Педагогикалык персоналдын квалификациясынын жана билиминин билим программасына шайкеш келүүсү.</td><td>Педагогикалык курам квалификацияларга жана билимдерге (анын ичинде, адистигине шайкеш келүү) карата коюлуучу талаптарга ылайык толугу менен комплектелген.<br>Ар жыл сайын мугалимдерди комплектилөө жүргүзүлүп келет. Учурда мугалимдердин жалпы саны – 44. Анын ичинде 7 мугалим Эл агартуунун мыктылары.<br>Кесиптик чеберчилигин жогорулатуу:<br><table><tr><td>Жылдар</td><td>2017-2018</td><td>2018-2019</td><td>2019-2020</td></tr><tr><td>Саны</td><td>10</td><td>12</td><td>15</td></tr></table></td><td>Мектептнн педагогикалык сапаттык курамы жөнүндө маалымат;<br>Сертификаттар;<br>Дипломдор;</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3.2 | **Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү, ошондой эле билим берүү процесинин катышуучуларынын өз ара мамилелерин баалоону, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алууну камсыздоочу механизмдин жана жол- жоболордун болушу.** | Мектеп билим берүү чөйрөсүнө гигиеналык шарттарды, таза сууну, жарыктандырууну жана имараттардын коопсуздугун, зордук-зомбулуктун жоктугу менен окутуунун толеранттуу атмосферасын камсыз кылууну максат кылат.<br>Физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөнү камсыздоочу механизмдер жана процедуралар белгиленди, ошондой эле билим берүү процесинин катышуучуларынын өз ара мамилелерине жана анын нтыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алууга карата баалоо жүргүзүү боюнча иштер жүргүзүлүп турат. Мектепте физикалык жана психологиялык чөйрөнү түзүү максатында ата-энелер, окуучулар жана мектеп администрациясы менен 3 тараптуу келишим түзүлгөн. Балдардын ден-соолугун коргоо, ар кандай жугуштуу оорулардын алдын-алуу үчүн ФАПтын кызматкерлери, айылдык ден-соолук комитети менен бирдикте сабактар, лекциялар өтүлүп, мониторингдер алынат. Өрт коопсуздугу боюнча инструктаждар, окуулар райондук өрт кызматкерлери тарабынан өткөрүлөт. | тараптуу келишим;<br>Эвакуациялык пландар; |
| 3.3 | **Педогогикалык кадрларды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүү, алардын квалификациясын жогорулатуу жана мотивациялоо системасынын болушу.** | Педогогдорду кесиптик өнүктүрүүдө салттуу система колдонулат: Жыл сайын 15 % дан кем эмес педагог ( беш жылдын ичинде 75%) өз квалификациясын курстарда, семинарларда, тренингдерде анын ичинде дистанттык түрдө жогорулатышат; - Методикалык бирикмелер натыйжалуу иштейт; - Насаатчылык системасы бекитилген жана колдонулат; - Насаатчылар жана УБнын жетекчилери активдүү иштешет. Кесиптик бирлик комитети жана мектеп администрациясы билим берүүдө жана ишмердүүлүктө, коомдук турмушта жана маданий массалык иш-чараларда, методикалык жана компетенттүү изденүүчүлүктө активдүүлүктү көрсөткөн же ийгиликке жетишкен билим берүү процессинин катышуучуларын белгилөөнү, дем берүүнү жана сыйлоону уюштуруп турат. Бул мотивациялык колдоо, стимул болуп эсептелет. Бул боюнча атайын сыйлык комиссиясы иш алып барат. Түрткү берүүчү акыдан активдүү иш алып барган персоналдарга да кошумча упай администрация тарабынан кошулуп берилет. Ошондой эле өзгөчө изденүүчүлүктү көрсөткөн кесиптештерди мектептин мактоо баракчалары, грамота, дипломдор менен сыйлап, жогору турган мекемелерге сыйлоо тууралуу сунуштарды киргизет. Андан тышкары мезгил-мезгили менен мектеп администрациясы тарабынан “Мыкты мугалим”, ”Мыкты класс жетекчи” сыяктуу сынактар жарыяланып, кызыктыруучу сыйлыктар коюлат. Мектеп үчүн кесиптик өнүгүү боюнча пландар талдоонун | Иш пландар; Стим фонддун токтомдору; Эмгек паспорттору; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | негизинде түзүлөт. ( ОЖнун стратегиялык жана жылдык пландарынын бир бөлүгү катары).<br>Педагогдор кесиптик өнүгүүсүнүн өздүк жеке пландарын иштеп чыгышат. | |

**Күчтүү жактары:**

1. Мектептин мугалимдери өз билимин жогорулатуу үчүн өз убагында курстардан өтүшү, семинар тренингдерге катышуусу;
2. Түрткү берүүчү фонддун педагогдун туура ишиин жыйынтыгына карата берилүүсү;
3. Усулдук бирикме жетекчилеринин ишинин натыйжалуулугу;
4. Педагогикалык кадрлардын өз кесиби боюнча иштөөсү;

Физикалык жана психологиялык чөйрө түзүүгө кызыкдар тараптардын болуусу;

**Алсыз жактары**: Инновациялык технологиялардын жетишсиздиги;

Айрым мугалимдердин МТКды өздөштүрө албагандыгы;

## 4. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4.1** | **Билим берүү процессинин катышуучуларына, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон окуу имараттарынын жана материалдык ресурстардын (жабдылган окуу класстары, лабораториялар, компьютердик класстар, спорт зал) болушу.** | Мектептин жалпы аянты -45731,53 м $^2$, ички кубатурасы10311,72 м ². Окуу имараттар жана бөлмөлөр канаатандыраарлык абалда. Предметтик стандарттардын талаптарына ылайык жабдылган класстардын саны 80% дан жогору. Жалпы: 19 класс кабинет, 6 административдик кабинет бар.Мектепте “Мега билим” долбоору менен келген 7 (жети) компьютер, административдик багытта 4 (төрт) компьютер бар жана алар интернетке кошулган. Андан сырткары 3 принтер, 2 проектор, 4 телевизор, ошондой эле спорт зал, спорттук аянтчалар, жыйындар залы, лабороториялык кабинет бар. Мектепте жылытуу системасы киргизилген жана кышкысын жылуулук талапка ылайык нормада сакталат. 1-4-класстардын окуучуларына 2 кезметте ысык тамак берүүгө ашкана бар. Ашкана ысык суу менен камсыз кылынган, 40 орунга ылайыкташтырылган, керектүү идиш-аяктар, ысык тамактарды даярдоо үчүн электрдик жабдуулар жана тамак-ашты сактоочу склад менен толук камсыз болгон. Ашкана санитардык норманын шарттарына толук жооп берет. Ашканада душ, туалет жана мектепте да муштар, ички туалеттер бар.<br>Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга мектептин кире беришинде бир пандус орнотулган. | **Инвентардык иш кагаздар**. |
| **4.2** | **Билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун талаптарын сактоо (экологиялык,** | Мектепте экологиялык, санитардыкэпидемиологиялык эрежелер сакталат жана атайын нускама иштелип, илинген. Окуучуларга | **Нускама, коопсуздук боюнча эвуакациялык пландар.** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **санитардыкэпидемиологиялык жана гигиеналык эрежелер жана ченемдер, өрткө каршы коопсуздук, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын эрежелери).** | өрт коопсуздугу боюнча маалыматтар берилип турат жана атайын бурч уюштурулган.<br>Коопсуздук талаптарга ылайык келет.<br>Санитардык нормага ылайык желдеткичтер менен жабдылган. Окуу корпустарынын абалы жакшы. Жылына бир жолу ремонттолуп, сырдалып турат. Өрткө каршы керектүү жабдуулар менен жабдылган. Өрт чыгып кетүү коркунучунда кошумча чыгуучу эшиктер бар. Санитардыкэпидемиологиялык эрежелерди аткаруу үчүн ар бир окуу кабинеттеринде санитардык бурч уюштурулган. Ашканада окуучулар колдорун жууп туруу үчүн раковиналар бар. Техникалык коопсуздук боюнча инструктаж өткөрүлүп турат. Класс кабинеттерде өрт боюнча дубал гезиттери илинген, окуу корпустарынын абалы жакшы, күнүнө эки жолу тазалоочулар тарабынан нымдуу тазалоо иштери жүргүзүлүп турат, мектепте жылына бир жолу оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлөт. Мектепте жана спорт аянтчасында видео көзөмөлдөр орнотулган. | |
| **4.3** | **Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо, баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу.** | Мектептин материалдык-техникалык базасын анализдөө максатында инвентаризация жүргүзүлүп турат. Мектептин жалпы бүтүндүгү мектеп кароолчуларына милдеттендирилип, бекитилип берилген. Ар бир класс кабинет жана инвентарлардын сакталышы кабинет башчыларына жана класс жетекчилерге милдеттендирилген.<br>Мектепте окуу процессин толук кандуу ишке ашыруу үчүн окуу класстары талапка жооп бере бербейт. Себеби, ар бир класс кабинеттери электрондук доскалар, проекторлор менен жабдылган эмес. Ошондой эле, окуу куралдары жана окуу усулдук материалдары жетишпейт. Мектептин МТБ сынын окуучулар үчүн жетишсиздиги, да тескери таасирин тийгизет. | **Кайрылуулар, сметалар, кириштөө жана чыгыштоо актылары.** |

**Күчтүү жактары:**

**1.** Имараттын жана окуу кабинеттердин абалынын канаатандыраарлыгы;

**2.** Мектепте мааалыматтык ресурстарды алуунун жеткиликтүү жолго коюлгандыгы;

**Алсыз жактары:**

**1.** Инновациялык технологиялардын жетишсиздиги.

**2**. Материалдык-техникалык базанын жакшыртуусуна демөөрчүлөрдүн аздыгы;

**3.**Лабороториялык каражаттардын жоктугу;

Аккредитациядан өтүү үчүн түзүлгөн комиссиянын курамы:

Комиссиянын төрагасы: Ж.К.Абиев ____________ Мектеп директору

Комиссиянын мүчөлөрү: Р.Б.Боронбаева ____________ окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Н.Т.Сыдыкова ____________ тарбия иштери боюнча директордун орун басары

Г.Сагынбекова ____________ кесиптик бирлик уюмунун төрайымы

К.Т.Үкүбаева ____________ УБнын жетекчиси

Н.Т.Сабыржанова ____________ УБнын жетекчиси

А.С.Сейдакматова ____________ УБнын жетекчиси

М.Ж.Сабырова ____________ ата-энелер комитети

Ж.О.Мамбеткеримова ____________ камкордук кеңешинин төрайымы